Окуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу, алдынкы инновациялык методдорду өз деңгээлинде колдонуу максатында мектепте жетиштүү санда заманбап техникалык каражаттар менен камсыздалган:

1.Компьютерлердин саны-32
2. Принтерлердин саны- 3
3. Мультимедиалык проекторлордун саны-6
4. Интерактивдүү доска -1 даана
5. Интернет -бар,
6. Телевизор -2 даана
7. Видео көзөмөл -жок
8. Туалет сырткы -1
9. Компьютердик класс -1
10. Китепкана -1
11. Спорт зал-бар.
12. Окуу кааналары – 19

"Келечек үчүн билим берүү" долбоорунун алкагында 5 окуу каанасы жана электрондук китепкана жабдылып ишке киргизилди. Ар бир предметтик каана керектүү эмеректер менен мүмкүнчүлүккө жараша камсыз болгон, алар балдардын жаш өзгөчөлүгүнө дененин туура өсүшүнө жооп берет.

Мектептин китепканасынын фондунда 9405 ашык окуу жана методикалык китептери, 1050 көркөм чыгарма адабияттары бар. Китепканада жогорку билимдүү адистиги бар мугалим эмгектенет. Мугалимдер үчүн методикалык китептер, колдонмолор жетиштүү.

Мектепте тамактануу:

Ашкана 58 балага ылайык бардык жабдыктары менен, 1-4 - класстын окуучуларына ысык тамак берилет. Окуучуларга ысык тамак берүү үчүн демөөрчүлөр тарабынан 75 метр тереңдиктен таза суу чыгарылды.

Мектепте усулдук каанада медициналык бурч уюштурулган:

- Аптечка
- антисептикалык каражаттар
- кол жуугучтар

Негизинен мектеп мамлекеттик билим берүү уюму болгондуктан каржылоо республикалык бюджеттен жүргүзүлөт. Ар окуу жылына карата демөөрчүлөрдүн жардамы менен келген каражаттарга мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча жылдык каржылоо пландары түзүлөт. Ал пландар ата-энелер менен биргеликте түзүлүп, ата-энелер комитетинин башчысы менен макулдашылып мектеп директору тарабынан бекитилет. Ал пландын аткарылышы ата-энелер комитети тарабынан көзөмөлдөнөт.

Чарбалык иштер боюнча каржылоо негизинен жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.